10. Мамашерип кызы , Н., & Маткасымова, М. (2025). ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ ВНЕДРЕНИЯ 12-ЛЕТНЕЙ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ. *Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова*, *1*(1(25), 4–8. https://doi.org/10.56122/.v1i1(25).281
11. https://kutbilim.kg/analytics/inner/12-zhyldykka-emne-ch-n-t-kerek/

**УДК 371.13.575** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).436**

## ПЕДАГОГДОРУНУН КЕСИПТИК ЧЕБЕРЧИЛИГИН ЖОГОРУЛАТУУ: КЫРГЫЗСТАН ЖАНА СИНГАПУР

Раимбекова Чынара Зикириллаевна - Ош билим берүү институту
*ORCID* 0009-0001-6152-7098, chynararaimbekova2477@gmail.com

**Аннотация.** Макалада Кыргызстан менен Сингапур мамлекеттеринин мисалында педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системасы салыштырмалуу талданган. Изилдөөдө мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча мамлекеттик саясаттын өзгөчөлүктөрү, усулдук колдоо, үзгүлтүксүз билим берүү жана практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү механизмдери каралган. Сингапурдун билим берүү системасында колдонулган «Бир мугалим — бир тарбиячы» жана кесиптик өнүгүүнүн үзгүлтүксүз принциптери Кыргызстандагы педагогдордун квалификациясын жогорулатуу программалары менен салыштырылып, окшош жана айырмалуу жактары белгиленген. Натыйжада, Сингапур тажрыйбасына негизделген инновациялык ыкмаларды улуттук билим берүү практикасына адаптациялоо мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлгөн. Макаланын жыйынтыгында Кыргызстандагы мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүн колдоо боюнча сунуштар берилет.

**Түйүндүү сөздөр:** кесиптик чеберчиликти жогорулатуу, үзгүлтүксүз окутуу, методикалык колдоо, педагогикалык лидерлик, коучинг, менторлук программа, натыйжалуу окутуу, эл аралык тажрыйба.

## ПОВЫШЕНИЕ КВАЛИФИКАЦИИ УЧИТЕЛЕЙ: КЫРГЫЗСТАН И СИНГАПУР

Раимбекова Чынара Зикириллаевна — Ошский институт образования
ORCID: 0009-0001-6152-7098, E-mail: chynararaimbekova2477@gmail.com

**Аннотация:** В статье проведён сравнительный анализ системы повышения профессионального мастерства педагогов на примере Кыргызстана и Сингапура. В исследовании рассматриваются особенности государственной политики в области повышения квалификации учителей, методическая поддержка, система непрерывного образования и механизмы развития практических компетенций. Модель профессионального роста учителей Сингапура («Каждый учитель — воспитатель») и принципы непрерывного профессионального развития сопоставляются с кыргызскими программами повышения квалификации педагогов, выявлены сходства и различия. В результате определены возможности адаптации инновационных подходов Сингапура к национальной образовательной практике Кыргызстана. В заключении представлены рекомендации по совершенствованию системы поддержки профессионального развития педагогов Кыргызстана.

**Ключевые слова:** профессиональное развитие, непрерывное образование, методическое обеспечение, педагогическое лидерство, коучинг, программа наставничества, эффективное обучение, международный опыт.

## PROFESSIONAL DEVELOPMENT OF TEACHERS: KYRGYZSTAN AND SINGAPORE

Raimbekova Chynara Zikirillaevna — Osh Institute of Education
ORCID: 0009-0001-6152-7098, E-mail: chynararaimbekova2477@gmail.com

**Abstract:** The article presents a comparative analysis of the systems for enhancing teachers' professional competence in Kyrgyzstan and Singapore. The study examines the features of national policies on teacher professional development, methodological support, continuous education, and mechanisms for improving practical skills. The Singapore “Every Teacher Is an Educator” and the principles of continuous professional learning are compared with Kyrgyz professional development programs, highlighting their similarities and differences. As a result, the paper identifies opportunities for adapting Singapore's innovative practices to the national educational context of Kyrgyzstan. The conclusion provides recommendations for improving the system of professional development support for Kyrgyz teachers.

**Key words:** professional development, continuous education, methodological support, pedagogical leadership, coaching, mentoring program, effective learning, international experience.

Педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу - заманбап билим берүү системасынын маанилүү бөлүгү. Бул багытта Сингапур дүйнөдөгү эң ийгиликтүү системалардын бири болуп саналат жана анын ыкмалары көптөгөн мамлекеттер тарабынан үлгү катары кабыл алынган. Кыргыз Республикасы да билим берүү системасын жакшыртуу максатында ар кандай реформаларды ишке ашырып, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууга аракеттенүүдө. Бул макалада Кыргызстандын педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу системасы менен Сингапурдун системасынын негизги окшоштуктары каралат.

Кыргызстандын педагогдорунун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системасы мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу төмөнкү негизги максаттарды көздөйт:

- сапаттуу билим берүүнү камсыздоо, заманбап талаптарга жооп берген квалификациялуу педагогдорду даярдоо;
- методикалык колдоо, мугалимдердин сабактарды натыйжалуу өтүшүнө багытталган ыкмаларды үйрөтүү;
- педагогдорду үзгүлтүксүз окутуу, алардын кесиптик көндүмдөрүн мезгил-мезгили менен жаңыртуу. Бул максаттар Республикалык педагогикалык кызматкерлердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, Ош билим берүү институту, Ысык-Көл билим берүү институту, ЖОЖдордун алдында түзүлгөн институттар, аймактык билим берүү борборлору, окуу борборлору тарабынан атайын курстар, семинарлар жана практикалык сабактар аркылуу ишке ашырылат. Эл аралык өнөктөштөр жана билим берүүнү колдоочу долбоорлор менен кызматташтыкта билим берүү системасын өркүндөтүү максатында атайын программалар иштелип чыгууда.

Сингапурдун педагогдорунун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системасы дүйнөлүк деңгээлде таанылган жана бул жерде мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулат. Алардын негизги максаттары:

- педагогдорду колдоо жана өнүктүрүү, мугалимдерди кесиптик жагынан колдоо жана натыйжалуу окутуу методдорун жайылтуу;
- инновациялык окутуу методдорун колдонуу, ар бир мугалимди окуу процесси менен катар өзгөчө методдорду колдонуусу үчүн окутуу;
- илимий-изилдөө иштерине шыктандыруу, мугалимдердин билим берүү тармагында илимий иштер менен алектенүүсүнө шарт түзүү.

Сингапурда мугалимдердин чеберчилигин жогорулатуу системасы үч этапка бөлүнөт: баштапкы даярдык, профессионалдык өнүгүү, жана квалификацияны үзгүлтүксүз

жогорулатуу. Мындан тышкары, Сингапурда "Бир мугалим — бир тарбиячы" модели колдонулат, ал педагогдордун практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. [1]

Кыргызстандын педагогдорунун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системасы Сингапурдун системасы менен бир катар окшоштуктарга ээ, алар төмөнкүлөр:

- педагогдорду үзгүлтүксүз окутуу эки мамлекетте тең мугалимдердин кесиптик чеберчилигин үзгүлтүксүз жогорулатууну камсыздоо негизги максат катары каралат.

- методикалык колдоо жана практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү эки өлкө тең мугалимдерге окуу методдорун өркүндөтүү жана натыйжалуу сабак өтүү ыкмаларын өздөштүрүүгө чоң көңүл бурушат.

- эл аралык тажрыйбаны колдонуу Кыргыз Республикасында жана Сингапурда билим берүү стандарттарын жакшыртуу үчүн эл аралык алдыңкы тажрыйбаны колдонуу аракеттери бар.

Кыргызстан менен Сингапурдун окшоштуктары ар кандай тармактарда сапаттуу билим берүү үчүн жалпы максаттарга негизделген. Мисалы, инновациялык методдорду жайылтуу, методикалык колдоо көрсөтүү жана билим берүүдө натыйжалуулукту камсыздоо эки өлкөдө тең негизги милдет болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын жана Сингапурдун педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу системалары бир нече окшоштуктарга ээ. Кыргызстандын педагогикалык системасын өнүктүрүүдө Сингапур сыяктуу ийгиликтүү моделдерден үлгү алуу жана аларды жергиликтүү шарттарга ыңгайлаштыруу келечекте Кыргызстандын билим берүү системасын дагы жогорку деңгээлге чыгарууга шарт түзөт.

Сингапурда "Педагогдорду колдоо жана өнүктүрүү" демилгеси мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу жана натыйжалуу окутуу методдорун кеңири жайылтуу аркылуу билим берүү сапатын жогорулатууга багытталган. Бул система Сингапурда мугалимдерди даярдоонун, алардын кесиптик өнүгүүсүнө салым кошуунун жана сапаттуу окутууну камсыздоонун ийкемдүү, жогорку деңгээлдеги жана туруктуу методдору аркылуу ишке ашырылат.

Мугалимдерди колдоо жана кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү төмөндөгүдөй стратегиялары менен ишке ашып келет.

1. Сингапурдагы Улуттук билим берүү институту (NIE) өлкөдө мугалимдерди даярдоонун негизги мекемеси болуп саналат. NIE мугалимдердин кесиптик даярдыгын камсыздап, заманбап билим берүү методдорун сунуштайт. Бардык мугалимдер NIEден өтүшү керек, ал жерде алар педагогикалык билимди, сабак берүүнүн негизги усулдарын жана жогорку сапаттагы окутуу көндүмдөрүн үйрөнүшөт. [2]

2. «Кесиптик өнүгүү программалары» Сингапурда мугалимдер үзгүлтүксүз билим берүү жана квалификациясын жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрү менен камсыздалат. Бул программаларда мугалимдер окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин жогорулатуу, жаңы технологияларды колдонуу, чыгармачылык ой жүгүртүү, STEM жана башка багыттар боюнча билим алат. Сингапурдун өкмөтү ар бир мугалимге жыл сайын кесиптик өнүгүү үчүн 100 сааттык окуу убактысын бөлүп берет. 100 сааттык квалификацияны жогорулатууну мамлекет толугу менен төлөйт, ошондой эле мугалимдер өз тандоосу боюнча адистикти жогорулатуу үчүн жылына 400-700 доллар алышат: чет тили же компьютердик сабаттуулук курстарына баруу, программалык камсыздоо, кесиптик адабияттарды сатып алуу ж.б.

3. «Педагогикалык лидерликти колдоо». Мугалимдерди мектепте лидерлик кызматка даярдоо максатында, атайын программалар бар. Бул мугалимдерди мектептин администрациясында же билим берүү системасында маанилүү кызматтарга даярдоого мүмкүндүк берет. Мисалы, “Lead Teacher” жана “Senior Teacher” программалары мугалимдердин деңгээлин көтөрүүдө негизги роль ойнойт.

4. «Коучинг жана ментордук программа». Тажрыйбалуу мугалимдер жаңы мугалимдерге же кесиптештерине көмөктөшүп, үзгүлтүксүз колдоо көрсөтүшөт. Бул

программалар мугалимдердин бири-бирине кеңеш берип, окуучулардын жетишкендиктерин жакшыртуу боюнча биргеликте иштешүүсүнө шарт түзөт.

5. «Окутуудагы инновацияларды жайылтуу». Сингапурда мугалимдер окутуу процессинде жаңы ыкмаларды жана технологияларды колдонууга шыктандырылат. Бул үчүн атайын тренингдер жана семинарлар өткөрүлөт. Мектептерде интерактивдүү ыкмалар, долбоордук иш-чаралар жана санариптик технологияларды колдонуу аркылуу билим берүүнү жакшыртууга көңүл бурулат.

6. «Мугалимдердин ишин баалоо жана сыйлык берүү системасы»: Мугалимдердин жетишкендиктери үзгүлтүксүз бааланып, мыкты иштеген педагогдор сыйлыктар жана кошумча демөөрчүлөрдүн колдоосу көрсөтүлөт. Бул система мугалимдерди үзгүлтүксүз өзүн өнүктүрүүгө жана билим берүү процессин жакшыртууга түрткү берет. Сингапурдун квалификациясын жогорулатуу системасына жетишүү – эффективдүү мугалимдер жана мектеп жетекчилери. Аттестациянын жыйынтыгында мугалим Адан Еге чейинки жыйынтык баасын алат. Мугалимдердин 2% эң жогорку баа алышат. Көпчүлүгү С баасын алышат. Алынган баа кийинки окуу жылындагы эмгек акынын деңгээлине байланыштуу. Мугалим D алган болсо, алар үч жыл алдыга жыла албайт. Эгерде мугалим Е алса, ал мектепте окутуудан четтетилет (өтө сейрек кездешүүчү көрүнүш).

Сингапурда аттестациялоо учурунда мугалим кесиптештеринин, директордун, анын орун басарларынын, жогорку квалификациялуу мугалимдердин, ошондой эле кураторлордун жамааттык талкуусунун негизинде “Учурдагы бааланган потенциал” документинде анын андан аркы квалификациясын жогорулатуунун багыттарынын сыпаттамасын алат. Алардын берген корутундулары мугалимдин жыйынтыктоочу портфолиосуна, анын окуу жылындагы ишинин таасирлерине жана анын мектептин жана мугалимдер жамаатынын жашоосуна кошкон салымына баа берүүгө негизделген. Квалификацияны жогорулатууну талап кылган багыттар көрсөтүлүп, алардын негизинде кийинки окуу жылына карата мугалимдин планы түзүлөт. Начар иштеген мугалимдер кесиптештеринен колдоо алышат. Эгерде бул алардын ишинин сапатын жакшыртпаса, анда жумуштан бошотуу болот. Тажрыйбалуу мугалимдерди аттестациялоо карьерасынын потенциалдуу келечегин аныктайт: алдыңкы мугалим (мастер мугалим), окуу планын иштеп чыгуу жана изилдөө боюнча адис (изилдөөчү адис) же менеджер (мектеп жетекчиси). Жаңы карьералык баскычтарды өздөштүрүү менен мугалимдер көбүрөөк ыйгарым укуктарга ээ болушат, жогорулатылган айлык акылар, бонустар, компенсациялар – мектептин жана өндүрүштүн кесипкөйлүгүн жогорулатууга кошкон салымы үчүн стимулдарга ээ болушат. Аттестациянын жыйынтыгы боюнча мугалимдерге жыл сайын үстөк акы (бирден үч айлык маянага чейин) берилет; бир жыл бою айлык эмгек акыны жогорулатуу (кийинки аттестацияга чейин). Кошумча эмгек профессионалдык прогресс менен улук мугалимдердин (улук окутуучу жана мастер-окутуучу) статусуна өтүү мүмкүн; ошол эле учурда директор ар бирине кошумча милдеттерди жана артыкчылыктарды кошууга/алып салууга укуктуу. Мыкты мугалимдер мектептин атайын резервинен кошумча эмгек акы ала алышат. Натыйжада, мугалимдердин эмгек акысы кыйла айырмаланып турат жана алардын кошумча активдүүлүгүнөн жана мектепке жана кесиптик коомчулукка көрсөткөн реалдуу кызматтарынан көз каранды. [3]

Сингапур мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүн колдоо жана аларга натыйжалуу окутуу методдорун үйрөтүүдө комплекстүү жана натыйжалуу системаны түзгөн. Мугалимдерге болгон бул өзгөчө мамиле билим берүү сапатын жакшыртууга, окутуудагы инновацияларды жайылтууга жана окуучуларга сапаттуу билим берүүгө шарт түзөт. Сингапурдун мугалимдерди колдоо системасы Кыргызстан үчүн да билим берүү тармагында пайдаланууга татыктуу үлгү болушу мүмкүн.

Адабияттар

1. Новаковская Ю.В. Нужна ли нам сингапурская система образования? // Естественнонаучное образование: новые горизонты. – М.: МГУ, 2017.
2. Centre for Development of Teaching and Learning at National University of Singapore. http://www.cdtl.nus.edu.sg/cpdp/ (дата обращения: 07.06.2020)

3. Сергиенко А.Ю. Проектирование профессионального роста учителя с использованием стажировочной площадки в системе образования Сингапура // Человек и образование. 2015. №4.
4. Teacher Professional Development in Singapore: Depicting the Landscape (2015) — Bautista, A., Wong, J., Gopinathan, S.
5. BAUTISTA, A., WONG, J., & GOPINATHAN, S. (2015). Teacher Professional Development in Singapore: Depicting the Landscape. Psychology, Society & Education, 7(3), 311-326. https://doi.org/10.25115/psye.v7i3.523